# ТӨЛӨК ТӨРӨКАН УУЛУ ЖАНА АНЫН САНЖЫРАСЫ[1]

**ПРОФ. ДР. САБЫР АТТОКУРОВ**

Кыргызстан улуттук илимдер
академиясынын тарых институту

Ар бир этностун өзүнө гана тиешелүү, өзгөчө, башкаларга окшобогон бөтөнчөлүгү болот. Ал бара—бара өзгөрүп, такталып, толукталып отуруп элдик касиетке, белгиге айланат. Ошентип ал уруунун, элдин, улуттун рухий жана тегзаттык дүйнөсүнүн ажырагыс бөлүгүнө айланат. Мындай бөтөнчөлүктөр этностун башаты болгон уруу жамаатында пайда болуп, анан улана берет. Алгачкы жамаатта, жазуу—чиймеси жок этностордо келип чыккан руханий кубулуштун бири санжыра — оозеки тарых пайда болот. Ал ургундулай уруунун келип чыгышы жана анын көрүнүктүү өкүлдөрү жөнүндөгү уламыштардан турган. Санжырада этностук аң—сезим, уруулук патриотизм кеңири чагылдырылат. Ал ооздон оозго, атадан балага, курактан куракка оозеки берилип жүрүп отурат. Кийинчерээк ар бир уруунун өзүнүн санжырачылары болгон. Алар көпчүлүк учурда ак сөөктөрдүн мүчөлөрү болушкан. Кыргыздарда ургундулай молдолор болушкан. Санжыра жазма, басма чыккандан кийин өзүнүн күчүн жоготот. Анын ордуна жылнаама, жазма тарых ж.б. келип чыгат.

Кыргыздарда миңдеген жылдары өткөн доор жөнүндөгү баян оозеки, санжыра түрүндө сакталып келген. Ал элибиздин рухий мурасы. Санжыра узак мезгилдерди кучагына алган кубулуш катары айрым өзгөрүүлөргө, кошумчаларга учураган. Ошол себептүү ага өтө кылдат мамиле кылуу абзел. Ал ар тараптуу сын көз караш менен карап чыкканда гана тарыхтын, этнографиянын булагы боло алмакчы.

Кыргыздар этнос катары үч мамлекеттин аймагында жашашкан /СССР, КЭР, Афганистан/. Бул ар кандай климаттык зонаны ичине камтыган зор аймак. Кыргызстандын кээ бир бөлүктөрүн эске

[1] Төлөк Төрөкан уулу, **Санжыра,** Кызыл—Суу, 1996, 256—б.

албаганда бул — дүйнөдөгү бийик тоолордун, жарым чөлдөрдүн мекени. Кыргыздарды быякка күчтүү көп калктар, оторчулар сүрүп таштаганы тарыхта белгилүү. Элибиз ошол жашоого ыңгайсыз жерлердин климатына ылайыкташып, жашоону улантып, аларды өзүнүн ата конушуна, эне коломтосуна айланткан. Тоо тургундары болуп, ага тиешелүү генефондунун ээси болуп калышкан.

Ошол мекен аркылуу Улуу жибек жолу гана өтпөстөн, нечен—нечен баскынчылар жана «элдердин көчү» өткөн. Бул которулууда ондогон этностор кырылып тукум курут болуп кетишкен. Кыргыздар алардан айырмаланышып, өзүнүн атын да затын да, мекенин да сактап калышкан. Алар чөлдү жөөктөй, көлдү жээктей, аскалуу тоону, ак кырды, көк музду темир туяк, тай—туяк менен кесип өтүп, капчыгайды чепке айлантып жашап келишкен.

Кыргыздар жөнүндөгү кабарлар дал ошол үч чоң аймакты жердеп калгандардын арасында кездешет. Бул статьяда КЭРдын Уйгур автономиялык районунда /УАР/ жашаган санжырачылардын бири жөнүндө жүрмөкчү. Сөз оролу Төлөк Төрөкан уулу жөнүндө болмокчу.

Төлөк 1929—жылы Артыш шаарына караштуу Каракол айылынын Күркүрөө кыштагында окумуштуунун үй—бүлөсүндө жарык дүйнөгө келет. 17 жашка чейин Кашкардагы, Үстөмдөгү, Артыштагы дин мектептерин окуп, жетишерлик билим алат. Ошол эле мезгилде таянесинен араб, перс тилин үйрөнөт. Араб, перс тилинде басылып чыккан «Үдөдүл аалам», «Забираин аалам», «Индус тарыхы», «Роси тушулар», «Решид тарыхы», «Тануштын тарыхы» ж.б. китептерди окуп чыгат. Андан сырткары уйгур тарыхына тиешелүү «Зорурил тарыхы», Уйгур шаркиятынын тарыхы ж.б. китептерди кунт коюп окуп, үйрөнөт. Кыргыз тарыхы, санжырасы боюнча материал жыйноо, иреттөө жана кагаз бетине түшүрүү алардын таасири астында жүрөт. Ошолор менен катар Төлөк М. Кылычтын «Зилзаласы», О. Сыдыковдун «Муктазар кыргыз тарыхы», «Шабдандын жана кыргыздар тарыхы» сыяктуу чыгармаларын жаттап окуйт жана жолдомо катары колдонот. Анан атчан, төөчөн Ак—Суудан Котонго, Котондон Ташкоргонго, Улуу Чаттан Какшаалга чейинки жолду басып эл аралайт. Элибиздин тарыхынан, санжырасынан кабары бар куйма кулак, салт—санааны билгендер менен бетме—бет отуруп сүйлөшүп, алардын айткандарын дептерге жазып алат. Анан кыргыз санжырасын жазууга бел байлайт. Бирок коммунисттик идеология, «маданий революциянын» мезгилинде аны жарыялоого мүмкүн эмес эле. Ошол себептүү мындай шарт кылымдын аягында тегзаттык жана

рухий мурастарга кайрылууга жол ачылганы баарыга белгилүү. 1996—жылы гана Кызыл—Суу кыргыз басмасы Төрөкан уулунун «Санжырасын» жарыкка чыгарды.

Төлөк Төрөкан уулунун санжырасы мындан мурда жарык көргөн бул темада жазылган эмгектерден бир кыйла айырмаланып турат. Ал колдонгон булактары да А. Байтурдун, Үсөн Ажынын изилдөөлөрүнөн башкачараак. А. Байтур «Кыргыз тарыхы боюнча лекцияларын» кытай жылнаамаларына таянуу менен жазып, элибиздин тарыхына жаңы чыйыр салса, автор оозеки тарых—санжыраларды кеңири пайдалануу менен ушул күнгө чейин кыргыз таануунун өкүлдөрүнө али белгисиз араб, перс жана уйгур авторлорунун чыгармаларын пайдаланган. Андан сырткары туюк, басма тарабынан ачык көрсөтүлбөгөн бир булак бар. Ал «Өткөн кылымдын акырында кыргыздын 32 казысы менен 70 — чеченин топтоп иреттеп Казан басмасында бастырган кыргыз тарыхына жана санжырасына тиешелүү болгон «Муңдуу зар», «Зар заман» деген китептерге түшүрүлгөн ар бир сөздү көкөйүнө көк таштай уютуп алган. Төлөк Төрөкан уулу айрым окуяларга, өзгөчө бийлик алмашууга токтолгондо тигил же бул чечендин айтууларына туюк шилтеме берет. Ошондой эле ар бир узакка созулган согуштан кийин кыргыз хандары атайын эл каттоо жүргүзүп, канча адам калганын такташкандары жана кыргыздын ташка оюлуп жазылган (бака жазуусу менен) кат бар экендиги жөнүндө кабарлайт. Автордун жазуусуна караганда андайдын бирөө Кожобакырган сайда, Он—Арчада, ал эми Элик—Тоодо 5000 кол, 40 жигит өлгөн согуш тууралуу кабар бардыгын жана кыргыздын тарыхын жазган 32 казы болгондугу жөнүндө баяндайт. Ошентип бирде XIX кылымдын аягында Казанда басылып чыккан кыргыз тарыхы тууралуу сөз жүрсө, бирде жазылган тарых бар экендиги окурманга тартууланат. Эгерде бул божомол эмес, чындык болсо, байыркы кыргыз тарыхынын ак бporактарын толтуруу алыс эместей.

Төлөктүн санжырасындагы дагы бир саамалык, ал жыл эсебинин унутулган системасын алдыбызга койгондугунда турат. Анын бири Лом жыл эсеби. Ал Адам ал—саламдан тартып Нух (Ной) пайгамбарга чейинки мезгилди камтыйт. Экинчиси Сом жыл эсеби — Нух пайгамбардан тартып христиан (б.э. 1—кылымы) жана мусулман жыл саноосуна (622—ж.) чейинки доорду өзүнө камтыйт. Библиялык имиш боюнча бүткүл дүйнөлүк топон суу б.з.ч. 2370—ж. болгон. Болжол менен Нух (Ной) пайгамбардын жашаган доору б.з.ч. 2000— жылдын башталышы деп алсак Сом жыл саноосу христиан календарынын эсеби боюнча туура 20—

кылымга барабар. Азыр жаңы (христиан) эранын XX кылымынын акыркы жылы экени баарыга белгилүү. Кыскасы сом эрасы менен христиан эрасы адамзаттын 4000ден ашык жашын айгинелейт. Төлөк Төрөкан уулу кыргыздардын санжырасынын башатын Сом эрасынан баштайт да, анын бүтүшү менен аяктайт. Адамзаттын тарыхын христиан жыл саноосу боюнча биздин эрага чейинки, биздин эра (Христостун туулганынан тартып) деп бөлүнгөнү адатка айланып канга сиңип калган. Мусулмандар үчүн 622—жылдын июлунан тартып жыл эсептөө да ошондой эле. Айтор, автор ал баяндаган кыргыз тарыхынын башталышына жана аягына чек койду. Бул да өзүнчө бир жаңылык.

Автор кыргыз деген ысмынын келип чыгышына токтолот. Алдын ала айта кете турган жагдай автор бул маселе боюнча Кыркез вариантын жактайт. Бирок аны бир аз башкачараак баяндайт. Анын кыскача мазмуну төмөндөгүдөй. Нух (Ной) пайгамбар үч уулу жана Кудайга ишенген 40 түгөй киши менен топон суудан өзү курдурган кемеге түшүп аман калат. Ошолордун бири Жамбамий болгон. Жамбамийден Аран (Иран), Туран — эки уул. Турандан Түрк жана Түтөк. Түрктөн Муун жана Татар. Түтөктөн Ыстам жалгыз. Түтөк өлгөндө Ыстамды Түрк асырап алат. Түрк хандын эли Эдилдин жээгинде Сыр жана Аму дарыялардын ортосунда жашаган экен. Түрк 280—жыл жашап өлөөрүндө тукумдарына керээз—мурас, осуят калтырат. Бийликти, жерди улуу уулу Муунга, кичи уулу Татарга бар байлыгын, Нух (Ной) пайгамбардан калган жады (жайчы) ташты Ыстамга калтырат. Ыстам эр жеткенде аны үй—жайлуу кылууну Татарга, жер энчилеп берүүнү Муунга тапшырып келбес сапарга жүрүп кетет. Татар ата керээзин—осуятын аткарып, Маралдай деген кызга үйлөнтүп, оокатын мал—жаны менен берип бөлүп коёт. Ал эми Муун болсо Ыстамдын ата осуятын аткаруусун сураткандa, ал «хандык талашат» деген шылтоо менен аны өлтүрүүгө буюрат. Татар Ыстамды аялы менен алыс жерге качырат. Элинен, жеринен ажыраган Ыстам эркек балалуу болуп атын «Кыркезген» коёт. Бара—бара ал «кыргыз» деген ысымга айланып кеткен делинет. Кийин Маралдай Кыргыз уулу менен атасы Татарга келет жана аны үйлөнтүп, жайлантат. Бул никеден Акыл, Асан (Асанкайгы), Асыл, Басыл, Жакын, Базат, Озот, Казат деген 8 уулдуу болот. Сегиз уулунан 32 небере төрөлөт. Алардын бөлүнүшү: Акылдан: Мундуз, Кундуз, Жылдыз; Асандан: Алым, Өмүр, Шарин, Шемет; Асылдан: Жазды, Базар, Шербет, Озот; Пазылдан: Шерип, Карып, Сары, Кемел; Жакындан: Турду, Куруу, Байыр, Олжо; Базаттан: Калы, Салы, Малы, Аалы; Озоттон: Ою, Сою, Каны, Саны;

Казаттан: Тапчытай, Чапчытай, Кушчутай, Мушчутай. Мунун баары тайэжелерине үйлөнүшөт. Булар өнүп—өсүп бир тайпа калк болот. Алар өздөрүн кыргызбыз деп аташат. Акыл (Акылбек) биринчи кыргыз ханы болуп шайланат.

Акылбек Татар менен Чин—Чиндин элчилиги менен Муундан ата энчиси Эдил өрөөнүн алат (китептин 8—17—бб.). Төлөк Төрөкан уулунун кыргыз деген ысымынан жаңы жана анын алгачкы насилдеринин ата конушу жана анын I—ханы жөнүндөгү кабары ушундайча.

Бул санжырада Мундуз баатыр өлгөн согушта төрөлгөн балага Кыпчак (Кабчак) деген ат коюшат. Кыпчак эр жетип үйлөнүп, Найман, Тейит, Сейит, Кесек, Сарек жана Карек деген 6 уулдуу болот. Ал 6 уулдан 24 небере төрөлөт. Ошондон тартып 30 уул кыпчак деп аталып калат. Акылбектин 40, Кыпчактын 30 насилдери биригип 70 уруу кыргызды түзөт. Бара—бара Акылбектин тукуму сырттык (аркалык), ал эми Кыпчактын тукуму ичкилик болуп ажырап кетет (24—б.). Бирок 40 жылга созулган согуш тынчтык менен бүтүп, жада (жайчы) таш Муундарда калып, кыргыздар ата энчи жана жеңип алган жерлерине жол башчы болууга жетишет (ошол бетте). Төлөк Төрөкан уулунун санжырасындагы ушул кабар кыргыз таануудагы жаңылык. Анткени элибиздин аркалык жана ичкилик болуп бөлүнүүсү б.з.ч. болгону тууралуу баалуу билдирүү биринчи жолу кездешип отурат. Анын өзүндө кийин кыргыздан бөлүнүп кеткен, адашкан эки уруусу — наймандын, кыпчактын генезиси тастыкталууда. Аны менен эмне үчүн алар Чынгызхан тарабынан талкалангандан кийин өзүлөрүнүн түп тегине кыргыздарды көздөй ат башын бургандыгына ачык айкын жооп берип турат. Тек А.Вамберинин Кудайберди уулунун биз түбү кыргызбыз деп жазгандары бекеринен эмес экен.

Андан ары 70 уруу кыргыздын үч аймагы (Алаш, Эне—сай, Эдил) жана үч өкүмдары /Эне—Сайда Турумтай, Эдилде Эр Болот, Алашта Эсенгелди/ жана алардын башында Калач хан турганы айтылат.

Китепте андан ары 11 хан доору (Эр Болот, Турумтай, Эсенгелди, Кожомбай, Дөөлөт (Дөөлөс), Турдубай, Муса, Амантур, Баткан (Баткен), Бек Исак, Эр Темир) саналат. Он биринчи хан Темир, ал кыргыздын кыргыз деп аталышына 1400 жыл толгондо жашаган экен (50—б.).

Андан кийин беш баатыр доору (Өмүр, Шаабото, Кожом, Мамбеталы, Дөө) 350 жылга созулат. Андан кийин кыргызды Акбото, Кубатбек башкарат. Кубатбектин мезгилинде кыргыз экиге

бөлүнөт. Бийликке Дөөлөс келип, ал 70 жыл башкарат.

Кыргыздын кандык доорунун тарыхын Бактыбай чечен жазып Нарбото ханга тапшырып кеткен (79—бет). Ал отуз эки хан бийлеген бир лом, 8 сомдун (8 кылымдын) тарыхы эле. Төлөктүн санжырасында кыргыз аксакалдары жаңы шайланган хандын атын Бурулуш хан деп атап, илгертеден келаткан жыл эсебинин 37—ломунун 6 сомунан баштап Иса пайгамбардын туулган күнүнөн тартып Иса сомунун (кылымынын) жыл эсеби башталсын деген токтом кабылданат (232—б.). Ошондон тартып 5 жыл ичинде Бурулуш хан кыргыздарды Эне—Сайга чогултат (ошол бетте). Ал 27 жыл башкарып өтүп кетет. Бийлик аксакалдар тобуна өтүп, ыдырай баштайт. Кыргыз Улуу Тоолук, Эне—Сайлык болуп экиге бөлүнөт. Ошол доордо калмактар кол салып Эр Табылды эки жолу жоого аттанып, кыпчак баатыры Карыке менен бирдикте жеңет. Ушул учурда бир эркек бала төрөлөт. Ал черүүдө (согушта) төрөлгөнү үчүн атын Черүү коюшат. Жети бийдин ордуна 5 бий өкүмдарлыкка бекитилет. Кыргыздар бул согушта Кочкор, Жумгал, Бишкек, Жылаанбаш ж.б. жерлерди калмактан кайрып алышса, беш бий, Эр Табылды окко учат. Колду Карыке баатыр, 10 аксакал башкарып калат (242—б.). Эр Карыкенин сунушу боюнча кыргыз элинин экиге бөлүнүшүн токтотуш үчүн Эр Агышка Шадыканды (Жадыбекти) элчиликке жиберишет. Элчи Агыштан жалпы кыргыздын ханы болуусун, эки тизгин бир чылбырды колуна алуусун өтүнөт. Эр Агыш макул болуп Эне—Сайга келет. 10 аксакал элди жыйып аны хан көтөрүшөт (232—б.). Кыргыз кайра биригет. Агыш хан кыргыздардын 70 уруусун 7 бийликке бөлөт. Бир бийге 1 миң түтүн, 10 айыл кирген. Мындан кийин кыргыздар дагы 300 жыл эркин жашашат (254—б.). Бул сегизбектин доору (Босулан, Атантай, Момуш, Татыбек, Бугуч (Бугу), Темирбек, Нарынбек, Сейитбек). Жети бектин (бийдин) доорунда, Черүүнүн (Четик) төрт уулунан тараган 200 түтүндүн жетекчиси Долон Сейитбектен бийлик бөлүп берүүнү талап кылат. Сейитбек (Чолок) макул болбойт. Буга таарынган Долон 200 түтүнү менен Түз ашууну ашып Ат—Башыга көчүп кетет. Элдин бөлүнүүсүнөн чочуган Сейитбек Долонго элчи жиберип, ага анын коңшу түтүндөрүн кошуп берет. Андан соң Долонду бий деп жарыялайт. Бул кабар Абыке чечендин айтуусу боюнча берилген. Окуя болжол менен биздин замандын IV—кылымына таандык. Төлөк Төрөкан уулунун санжырасы ушуну менен аяктайт. Кыскартылып берилген баяндама автордун кыргыз тарыхына кошкон салымын айгинелеп турганына күбө.

Чыгарманын өзөгүн кыргыздар Эдил, Улуу—Тоо, Кара—Тоодон

чыгышты көздөп жылгандыгы, акыры ал жерге барып туруп калышы түзөт. Бул асыресе оозеки тарых болсо да кыргыз наамадагы жаңылык, өзүнчө бир ачылыш. Эгерде автор шилтеме берген 32 чечендин, казынын жазмалары табылса, анда бул кыргыз тарыхынын бурулуш доору болмокчу.

Китептеги ташка чегилген катты табуу үчүн Кожобакырган сайда жана Он—Арча археологиялык казуу жүргүзүү да ашыктык кылбас эле.

Акырында айтарыбыз, Төлөк Төрөкан уулунун санжырасы бизге дареги жоголду деп эсептелген ондогон тарыхый инсандардын ысымдарын тартуулаганында турат. Китепти окурмандын терең катмарына жеткирүү зарылчылыгы бар. Бул үчүн аны араб алфавитинен которуп басмадан чыгаруу зарыл. Анткени кыргыздардын алгачкы доордогу тарыхы алигиче ак так боюнча калууда. Элибиздин узак убакытта басып өткөн жолун баяндоого бел байлаган Төлөк Төрөкан уулунун китебин окуучуларга тартуулоо менен анын чыгармасында кынтыгы жок деп айтуудан алыспыз. Элдик оозеки тарыхтын көпчүлүгүнө тиешелүү кемчиликтер кездешкени мыйзам ченемдүү иш. Биздин оюбузча, чыгармада жөө жомокто кездешүүчү апыртмалар (дөөлөр, жырткычтар, киши жегичтер, желмогуздар) бар. Ошого карабастан оозеки тарыхтын бул өңдөнгөн нускасы кыргыз наамада жокко эсе эле. Азыр анын бардыгы элибиздин тукум куумай насилинин асыл, таза түрдө али жашап келатканына ачык күбө. Оозеки чыгарманын океанын жараткан кыргыздар, кантип эле өзүнүн өмүр жолун унутуп койсун деп күнөм санап жүргөндөрдүн, санжыраны арбайталбай жыйноочулардын эл үчүн жасаган эмгектери иш жүзүнө барган сайын ашууда. Элибиз маңкурттуктан алыс экен. Анын арасында өткөн доорлордун изин кууп, алар жөнүндөгү учкай кабарларды кыпындайдан жыйнап, укумдан—тукумга калтырып кеткендер бар тура. Узун жол баскан, өткөндү ташка жазган элибиздин тарыхынын алгачкы барактары али жазыла элек. Байыркы элдердин бири болгонубузга карабастан, биздин тарыхыбыз кечээ жакындан башталып, атам замандагы, орто кылымдардагы тарыхы кыргыз жерин басып алган оторчулардын (орус, монгол, кара—кытай ж.б.) саясий—согуштук тарыхы менен байланышып жүргөндүгү өтө кейиштүү окуя. Ал доорлорду кыргызга таңып жүргөндөй байкалат. Анткени ал китептерден жада калса хандардын, аскер башчыларынын ысымдарын жолуктура албайбыз. Төлөк Төрөкан уулунун бул китебинде мына ошолор жөнүндө сөз жүрөт.

Китеп жомоктолуп, жамакталып жазылганына карабастан, элибиздин өткөн күндөрүнө кызыккандар үчүн баалуу кабарларды берет. Китептеги кабарлар кадимки санжырадан даана айырмаланып турат. Ошол себептүү аны «Байыркы кыргыз баяны» деп атаса өтө туура болчудай.

Биз жогоруда китептин мазмунуна жана дурус жактарына токтолдук. Төлөк Төрөкан уулунун көп жылдык эмгегинин жыйынтыгы болгон китепчеде мүчүлүштөр жок эмес. Кыргыздарда оболу санжыра ыр менен айтылган (Токтогул (С. Токтогул эмес), Балык ооз, Т. Молдо). Кийин кара сөз менен баяндалып калган. Санжырачылар молдо да, ырчы да болушкан. Төлөк Төрөкан уулу кыргыз санжырасын ыр жана кара сөз менен берет. Бул эки ыкманын бирөө — кара сөз менен берген баяны биринчисине караганда тагыраак, толугураак жана түшүнүктүүрөөк чыкканын баамдоого болот. Биз бул жерде автордон табият бербеген нерсени талап кылып отурган жокпуз. Ошондой болсо да «көзгө айткан сөздүн заары жок» дегендей кеп. Төлөк Төрөкан уулунун жыйнагындагы материалдардын басымдуу көпчүлүгү айрым инсандар жөнүндө, ал эми айрым урук, уруу жөнүндө учкай кабарлар кезиккени өкүнүчтүү. Бул каяша өзгөчө кыргыздар жөнүндөгү кабар тиешелүү. Китепте кыргыз эли жөнүндөгү кабар бийлер, бектер, хандар тууралуу баяндар менен алмашылып калган. Бул жерде «аты бар, заты жок» дегибиз келбегенин баса көрсөтүүбүз абзел.

Төлөк Төрөкан уулу оозеки кабарды кагаз бетине түшүрүүдөн мурда бул өтө жооптуу кадам экенин баамдашы керек. Ал эми аны басмадан чыгаруу жоопкерчиликти ого бетер арттырарын да туюу зарыл. Санжырачынын жумушу кумдан алтын издегендердин жумушу менен барабар. Чүкөдөй алтын табыш үчүн белестей кумду электен өткөрүп, сууга чайкоо талап кылынары баарыга маалым. Санжырачы да тарыхтын, этнографиянын бир күбөсүн, булагын табуу үчүн жүздөгөн болумуштарды, имиштерди илимий текшерүүдөн өткөрүшү биринчи иреттеги иш.

Кезектеги каяша, Төлөк Төрөкан уулу пайдаланган булактарга (информаторлорго) шилтеме бербейт. Бул өзгөчө чечендер тобуна тиешелүү. Алар жөнүндөгү документтерди автор кайдан алганы белгисиз. Бул окурмандардын мыйзамдуу чочулоосуна, шектенүүсүнө түртпөй койбойт. Китептеги материалдарга караганда автор кытай жыл наамаларын пайдалангандай сезилет. Бирок ага да шилтеме бербейт.

Акыркы каяша Ак—Суу басмасына тиешелүү. Басмакана кол

жазманы кандай болсо ошондой бойдон коё бергени байкалат. Ошондуктан стилдик олку—солкулук көп учурайт. Бирок бул каяшалар китептин түп маанисине шек келтире албайт.

Акырында айта турганыбыз, китептин кийинки томдору чыгаары менен окурмандарга тартуулайбыз го деген үмүттөбүз.